| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз он сегизинчи сессиясы

**ТОКТОМ №18-3**

Мундуз айылы 29-декабрь 2025-жыл

**Кызыл-Туу айыл аймагындагы шайлоо участкаларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын негиздеп, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 9-декабрындагы чыгыш №01-28/2690 сандуу катынын, Кызыл-Туу айылдык кеңештин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 26-декабрындагы отурумунун №11 протоколунун негизинде, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин депутаттарын угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XVIII сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл аймагынын Кызыл-Алма айылындагы №2383 шайлоо участкасынын шайлоочуларынын саны жана схемасы Ак-Булак айылындагы №2024 шайлоо участкасынын шайлоочуларынын санына жана схемасына бириктирүү жагы Сузак аймактык шайлоо комиссиясына сунушталсын.

2. Участкалык шайлоо комиссияларынын такталган чек аралары жана схемалары Сузак аймактык шайлоо комиссиясына жиберилсин.

3. Токтомдун ишке ашыруу жагы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовго милдеттендирилсин.

4. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**